DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Исраилов Т.М., Тойчубекова Г.К.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТУРИЗМИН ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК ТАЖРЫЙБАНЫН ТААСИРИ

*Исраилов Т.М., Тойчубекова Г.К.*

# ВЛИЯНИЕ ОПЫТА ЗАРУБЕЖНЫХ СТРАН В РАЗВИТИИ ТУРИЗМА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*T.M. Israilov, G.K. Toichubekova*

# INFLUENCE OF EXPERIENCE OF FOREIGN COUNTRIES IN THE DEVELOPMENT OF TOURISM OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 657.222 (575.64)*

*Бул макалада Кыргызстандын туристтик рекрециялык булактарынын уникалдуулугун, алыскы Дания, Швейцария, Нидерландия, Словения, Белгия жана Словения өлкөлөрүнүн туристтик ресурстары менен салыштыруу жүргүзүлдү. Ошондой эле, ар бир өлкөнүн туризм тармагынын күчтүү жана жетишсиз жактары каралып, мүмкүнчүлүктөрү сунушталды жана коркунуч туудуруучу жагдайлары аныкталды. Мындан сырткары, Кытай, Өзбекистан, Казакстан, Тажикистан жана Россия коншулаш өлкөлөрдүн туризминин өнүгүү багыттары такталды. Ички туризмдин учурдагы абалы, туризм тармагынын өлкөнүн бюджетине жана экономикасына тийгизген таасирине баа берилди жана аларды биздин өлкөдө колдонуу үчүн приоритеттүү багыттардын анализдери берилди. Кыргызстандын туризм тармагынын приоритеттүү багыттарын өнүктүрүүдөгү маселелерди чечүү сунуштары катары: кадр маселеси, инфраструктураны жогорулатуу, негизсиз жогоркуу баалар, төмөн салыктардын сакталуусу, негизги туристтик ресурстарды чагылдырган бренддерди иштеп чыгуу механизмин түзүү, сапатуу тейлөө, үй-бүлөлүү жана жеке сектордук каналдарды түзүү, сапаттуу компьютердик желелерди түзүү, мыкты меню жана башка ушул сыяктуулар берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *приоритетүү багыттар, анализ, инфраструктура, эффективдүүлүк, туристтер саны, климат, индустрия, коркунучтар, рекреациондук ресурстар, ажайып жайлар, ички туризм.*

*В этой статье уникальность туристических и рекреационных ресурсов Кыргызстана, по сравнению с туристическим потенциалом зарубежных стран, таких как, Дания, Швейцария, Нидерланды, Словения, Бельгия и другие определены, сильные и слабые стороны, возможности и угрожающие аспекты туристической сферы этих стран. Кроме того, уточнены направления развития туристической сферы таких как, состояние внутреннего туризма и дана оценка бюджета государства и развитие экономики в соседних странах как, Китай, Узбекистан, Казакстан, Таджикистан и Россия. Пересмотрены данные обоснованных рекомендаций для приоритетных направлений развития туристического сектора Кыргызстана. Нерешенные проблемы такие как, кадровая политика, неустойчивая инфраструктура, необоснованные высокие цены, низкие налоги, разработка основных туристических брендов, качественные услуги, создание семейных и отдельных комнат, качественные компьютерные сети, отличное меню и другие.*

***Ключевые слова:*** *приоритетные направления, анализ, инфраструктура, эффективность, количество туристов, климат, индустрия, опасности, рекреационные ресурсы, достопримечательности, внутренний туризм.*

*In this article, the uniqueness of the tourist and recreational resources of Kyrgyzstan, in comparison of tourist potentials, foreign countries like, Denmark, Switzerland, the Netherlands, Slovenia, Belgium, Slovenia, etc. The strengths, weaknesses, opportunities and threatening aspects of the tourism sector of these countries are identified. In addition, the direction of development of the tourism sector such as the state of domestic tourism has been clarified and the state budget and economic development in neighboring countries such as China, Uzbekistan, Kazakhstan, Tajikistan and Russia have been assessed. This substantiated recommendation has been revised for the priority directions of development of the tourism sector of Kyrgyzstan. Unresolved problems such as personnel policy, unstable infrastructure, unreasonable high prices, low taxes, the development of major tourist brands, quality services, create family and individual rooms, high-quality computer networks, excellent less, etc.*

***Key words:*** *priorities, analysis, infrastructure, efficiency, number of tourists, climate, industry, tourism, recreational resources, attractions, domestic tourism.*

Мамлекетибиздин, туристтик ресурстарынын жана туристтик-рекреакциялык булактарынын уникалдуулугу менен алыскы жана коңшулаш өлкөлөрдүн туристтик индустриясында өзүнүн чыгарган туристтик продукцияларынын сапаты менен атаандаштыкты жаратууга дарамети жетет. Кыргызстан 4000 метр бийиктиктеги 29 тоо жана 3000метр бийиктикке ээ болгон 45 чокудан турган Тян-Шань жана Памир-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



Алай тоо кыркаларынан турган, - "асман тиреген тоолордун өлкөсү" [2]. Ошондуктан, ден-соолугун чыңдоого келген адамга, мээлүүн климаты, алтын кумдуу эс алуу пляждары, жапайы жаратылышы, таза абасы, ж.б. буга негиз болуу менен туризмди сферасы КРнын экономикасын өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттары болуп эсептелет.

Бирок, бактыга жараша, ушундай кооз жайларыбыз бар туруп, инфраструктурабыз начар болгондуктан жана ушундай приоритеттүү өнүгүүчү багытка инвестициялардын жок болгондугу, өнүгүүнүн негизине тоскоол болгондугу. Туризмди өнүктүрүүнүн негизги багыттары катары, өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбаларын карап көрөлү.

Кыргызстанга ар тараптуу окшоштугу бар Швейцария мамлекетинин суу ресурстарын, жаратылыш коруктарын жана парктарын көрүүгө 150000 ден ашуун турист келет. Ошондой эле, туристтик ресурстарынын катарын археологиялык эстеликтер, музейлер, ЮНЕСКОнун курамына кирген объекттер толуктайт [6]. Жыйынтыгында, 2016-жылы ал мамлекеттин бюджетине түшкөн пайда 19 220 000 000 АКШ долларын түзгөн.

Аталган өлкөнүн туризм тармагынын күчтүү жагына, географиялык абалы, 70%ды түзгөн тоолору, архитектуралык эстеликтер, инфраструктурасы жана Батыш Европа өлкөлөрү менен визасыз режим каралгандыгы Кыргызстандагы туризмдин өнүгүүсүн көрсөтсө, визанын кыйынчылыктары жана кымбат баалар жетишсиз жактарын көрсөтөт. Окуу, иштиктүү жана бальнеологиялык, дарылоо курорттук багыттары туризмдин мүмкүндүктөрүн түзсө, атаандаштыктын өсүшү, коңшу өлкөлөрдөгү төмөн баалар жана тоо лыжаларына болгон кызыгуунун төмөндөөсү коркунучтарды жаратат. Мындай тобокелдиктер, өлкөбүздүн өнүккөн өлкөлөр менен чектешүүсүндөгү катуу атаандаштыктан кабар берет.

Туристтер үчүн май-сентябрь айына чейин эс алууга, дайвинг, пляжда эс алуу, серфинг, велотуризм, треккинг, экотуризм, экскурсиялык окуялуу ж.б. түрлөрүн сунуштаган Нидерландия мамлекети, калкынын саны боюнча, бизге салыштырмалуу саны жогору (17,08 млн) жана туристтик ресурстары катары, Де-Коор санаторийи экологиялык жактан эң таза район деп табылат. Бул жагынан алганда, КРнын Жалал-Абад жана Ысык-Көл областарынын туристтик ресурстарынын окшоштугунан кабар берет. Мындан сырткары, суу алдындагы дүйнөнү (дайвинг, серфинг) жана атактуу улуттук парктары туризмдин экзотикалуу түрүн өнүктүрүүгө негиз болуп берет.

Словенияны, өлкөбүзгө климаты, кыштын жылуулугу жана тоолуу өлкө катары салыштырууга болот. Өлкөнүн суу ресурстары, аймактарда ар түрдүү жайгашкандыктан, биздин суу ресурстарыбыздан артыкчылыгы төмөнүрөөк деген баа берилет. Ал эми минералдык ресурстары, илимпоздордун өлкөгө келүүсүн камтып, мамлекеттин аянтынын 54%зын ээлеген биодүйнөсүнүн уникалдуулугу жана кирешелүүлүгү тарабынан Кыргызстанга аябай жакын.

Словения 12 аймактан туруп, Кыргызстан сыяктуу, чакан өлкөлөрдө дем алууну тандаган туристтер үчүн кызыктуу жана унутулгус. Аларга: Үчилтик (Тройной) көпүрөсү, көлдөрү, курорттору, термалдык суулары жана үңкүрлүрү ж.б.у.с. Кышта кардын калың түшүүсү, Кыргызстандагыдай эле лыжа тебүү, сноуборд, лыжада чуркоо, коньки аянттары (бийлөө үчүн) дем алуучу туристтерге тандоону сунуштайт. Мындан сырткары, тоолору, Штаерск жүзүм өндүрүшү туристтердин сүйүктүү жерлерине айланган. Мындан сырткары, мүмкүнчүлүгү чектелген группадагы инвалид туристтердин келип дем алуусуна, тротуарлар жеткиликтүү, стандартту эмес бийиктиктеги, манжанын жардамы менен иштеп туруучу спецбанкоматтар иштеп турат. Туроператорлордун продуктыларында, “Майыптар үчүн комфорт” лицензиясын алган мейман үйлөрү, отельдер жана курорттор, өзгөчө туристтер менен иштешүүнү, туристтерди тосуп алып платформалар орнотулган автобустарга отургузуудан баштайт. Андан ары, тоолуу ажайып жайларга канаттык жолдор менен жеткирүү каралса, зоопарктарга, парктарга жана ботаникалык бактарга баруучу автоунаалар каралган. Бул туризмдин түрүн Кыргызстанда өздөштүрүү, экономикалык өнүгүүдө туризмдин приоритеттүү багыттардын бири катары болуп калмак.

Бельгия мамлекетинин климаты, Кыргызстандын климатына абдан окшош. Эң күнөстүү айлар катары, апрель жана сентябрь айлары эсептелет [1]. Туристтик ресурстарына тарыхый скульптуралар, Брюссельдеги Атомиум, соборлор, тарыхый борборлор кирсе, биоөсүмдүктөр жана өлкөнү 80%зын ээлеген токойлору, суу ресурстары, балык чарбасы, аңчылык жана өзгөчө

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



коруктагы аймактардын көптүгүн туристтик-рекреациондук ресурстарга кирет [4]. Бельгия туризмден тапкан кирешеси боюнча, Швейцария жана Нидерландиядан кийинки орунда турат. Бул, мамлекет туристтик ресурстарын өтө аз пайдалангандыгы жана туризм экономиканын өнүктөрүүнүн тармагы катары каралбагандыгы, учурдагы Кыргызстандын туризм тармагына болгон мамилесин так чагылдырып турат (1-таблица).

Өлкөдө, туризмдин күчтүү жактарын, инфраструктура, маданий-тарыхый мурастар, тейлөө кызматтары, коопсуздук, иштиктүү туризм түзсө, мүмкүнчүлүктөрү катары, рекламалык компаниялар, узак мөөнөттүү турларды уюштуруу каралат. Алсыз жактарына, климаттын туруксуздугу, турларынын эл аралык деңгээлде өтүүсү жана туристтердин транзиттик баруусу каралса, коркунучу туристтик базардан белгилүүлүктүн төмөн деңгээлинен улам чыгып кетүү эсептелет [3].

Жогоруда каралган маалыматтарда, алыскы өнүккөн өлкөлөрдүн аянты, туристтик ресурстары, калкынын саны, географиялык өзгөчөлүктөрү жана туристтик ажайып жайлары боюнча, Кыргызстанга жакын болгон мамлекеттер тууралуу сөз болду. Төмөндө, туристтик мүмкүнчүлүктөрүн канчалык деңгээлде пайдалангандыгы, келген туристтердин саны, алардан алынган кирешелер ж.б. маалыматтар сунушталды.

Кыргызстан, түндүктөн Казакстан, батыштан Өзбекстан, түштүк-батыштан Тажикстан, ал эми түштүк-чыгыштан Кытай менен чектешет. Коңшу өлкөлөрдүн ичинен дүйнөлүк туристтик индустрияда өзгөчө орунду, Кытай эл республикасы ээлегендиги таблицадан маалым болду. Демек, мындай көрсөткүч, туристтик ресурстардын эффективдүү пайдалануусунан жана ички туризмдин кубаттуулугунан кабар берет.

Кытай мамлекети өзүнүн рекреациондук ресурстарын туура колдонот. 2017-жылы бюджетке 5,4 трлн юань (832 млрд АКШ долл.) алып келген жана жарандар үчүн 80 млн иш ордун түзгөн. Жыйынтыгында, өлкөдөгү жакырчылык менен күрөшүү багытында, алгылыктуу иштер аткарылып, улуттук туристтик бренддерди иштеп чыгуу, ден-соолукту чыңдоочу улуттук деңиз курортторун жана кооз, ажайып 5 жылдыздуу (luxury) отельдерди куруу мамлекеттин перспективалык багыттары деп табылган. Гид кызматкерлеринин санын, лицензия алып иштеп жаткан гиддердин саны 150 миң адам болсо, анын ичинен 87 миң гид кызматкерлери ар түрдүү туристтик фирмаларда иштөөгө катталышкан [5 ].

Циндао шаары,кышкы туризмди сүйүүчүлөрүнө “Барлардын” фестивалы уюштуруп, дүйнөнүн төрт бурчунан келген туристтер 1 кружка пивонун даамын татып көрүү үчүн алыскы жолго чыгышат. Бул фестиваль өзүнүн популярдуулугу менен жергиликтүү ички туристтерди да өз агымына кошуп келет. Циндао – бул достуктун жана романтиканын шаары [8].

Өзбекистан республикасынын туристтик сферасы активдүү өнүгүүнүн жолунда. Алсак, кырка тоолор комплекси, алпинисттерге, жөө, ат менен жүрүү маршруттарына жана альпинизмге шарт түзсө, ал эми Чаткал дарыясы туризмдин рафтинг түрүнө кызыгуучулардын санын көбөйтсө, Бой булок (1415 м), Муз фестивалы (580 м), Киев (990 м) ж.б. үңкүрлөрү спелеологдордун келүүсүнө шарттар түзөт.

Туризмдин күчтүү жактары катары,кышкы туризм, кооз жана ири шаарлары, таанып билүү, археологиялык жана диний багыттагы зыярат кылууга жана окумуштуулардын көрүүсүнө шарттар түзсө, коркунучтарына, турпродуктылардын сапаттуу эместиги, себепсиз текшерүүлөр, виза кыйынчылыктары, турлардын тайпаларга гана сатылуусу ж.б. кирет.

Жыйынтыгында, Кытай мамлекети бир гана туристтик тармакка жакынкы беш жылга 9,8 млрд доллар бөлсө, Индия жарнамага 48 млн доллар кетирет. Мындай конкуренттерди жеңүүдө, Өзбекистан, Казакстан, Тажикистан жана Кыргызстан бирдиктүү туризм шакекчесин түзүү менен келген туристтин төрт мамлекетте эс алуусуна жана узак убакытка калуусуна шарттарды түзүп берүүсү, туризмди өнүктүрүүнүн перспективалуу багыттарын сунуштайбыз.

- Туристтердин, санынын азаюсунун алдын алуу үчүн, тамактануучу жайлардын стратегиялык жолдордо салынышына тыюу салуу, тейлөө кызматтарынын деңгээлин жогорулатуу, кадр маселесинин мамлекеттик дегээлде чечүүнү жыл ичинде жүргүзүү уюштурулган жана уюштурулбаган секторлордун туризм боюнча жылдык иш пландарында камтылуусу талапка ылайыктуу.
- Туристтик ишканалардын салыктарынын төмөн экендигине карабастан, чет, коңшулаш мамлекеттерден келген нааразылыгын жараткан эс алуу жайларындагы баалардын өсүүсүн антимонополия комитетинин баа саясатын

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



жөнгө салуусу, шаардын обьекттерине баруучу каттамдардын кыймыл картасынын иштелмесин сунуштоо жана коомдук даараткеналарды оңдоо коңшулаш конкуренттерди жеңүүнү практикалоого өтмөк.

- Кыргызстан, аймактардын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган бренддерди: Ош шаары Сулайман-Тоо археологиялык космплекси жана Ак Буура дарыясы, Баткен областы өрүгү, Ош областы, жайлоолору жанан Ленин чокусу, Өзгөн району күрүчү, Жалал-Абад областы курорту ж.б. менен өзгөчөлөнүп тургандыгын чагылдырган символикаларын иштеп чыгуу талапка ылайыктуу.

- Жаратылыш ресурстарын эффективдүү пайдаланып,иш орундарын түзүү аркылуу элеттин жакырдыгын жоюуда, чоң капиталды талап кылбаган курулушка ыңгайлуу болгон жерлердин туура тандап, улуттук тамак-аштар тизмеги сунуштоо аркылуу тоолор туризмин өнүктүрүү зарыл.

- Чет өлкөлөрдөн келген туристтер үчүн, перспективдүү туризмдин транзиттик түрүн: Кашгар – Нарын-Ысык-Көл – Бишкек-Джамбул же Кашгар-Ош-Жалал-Абад-Самарканд ж.б. комплекстүү транзиттик каттамдарын стейхолдерлердин сунуштарынын негизинде, Улуу Жибек жолу менен жүрүү мүкүндүгүн түзүүгө мүмкүндүк берген универсалдуу бизнес проекттерди жана туристтик продуктту иштеп чыгуу алыскы чет өлкөлүк туристтердин агымынын көбөйүүсүнө жакшы шарттар түзөт.

Ошондой эле республикадагы Бишкек-Ош, Бишкек-Каракол, Бишкек-Торугарт, Ош-Эркеч-Там, Ош-Баткен жана курулуп жаткан Жалал-Абад-Балыкчы автотрассалары тууралуу маалыматтарды, потенциалдуу туристтерге жеткирүү менен бул багытта саякаттарды уюштуруу туризмдин пайдалуу багыттарынын бири болуп кала тургандыгын Э.Н. Толонов «Регионалдык туризм бизнесинин учурдагы өнүгүү абалы» атуу эмгегинде баса белгилеп көрсөтөт [7].

Жыйынтыгында, мындай жагдайларды алдын алууда,материалдык базаны стандарттын негизде чыңдоо, жогорку деңгээлдеги сервиз, көп тилдүү кызматкерлердин сапатуу тейлөөсү, үй-бүлөөлүү жана жеке сектордук кааналарды түзүү,персоналдарды кайра даярдоо, орундарды брондоого мүмкүндүк жараткан компьютердик желелерди түзүү, мыкты менью жана буклеттер ж.б. түзүү жетиштүү деп ойлойбуз.

Туризм тармагын өнүктүрүүнүн жакынкы жылдардагы башкы максаты - кыргыз жана чет өлкөлүк жарандардын туристтик кызматтарга керектөөсүн канааттандыруучу, өлкөбүздөгү туризмди туруктуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берүүчү, атаандаштыкка кудуреттүү, заманбап туристтик комплексти куруу болуп эсептелет. Туризмди натыйжалуу өнүктүрүү маселелерин чечүү ички туризмди өнүктүрүүгө, Кыргызстанга чет өлкөлүк туристтердин келишин бир топ көбөйтүүгө жана өлкөнүн экономикасына валюталык кирешелерди алып келүү менен бюджетке салык төлөмдөрүнүн келишинин өсүшүн камсыз кылып, экинчи жагынан-туризмдеги маанилүү мультипликативдик натыйжаны эске алып, экономиканын окшош тармактарын өнүктүрүүнү колдойт жана калктын иш аракет жүргүзүүсүн жогорулатат.

**Адабияттар:**


1. Бельгия. / Советтик чоң энциклопедия: [в 30 т.] / гл. ред. А.М. Прохоров - 3-е изд. - М.: Советттик энциклопедия, 1969-1970-жж.
2. Изаак С.И. Кыргыз Республикасынын рекреациялык потенциалы. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №5. - Бишкек, 2016. - 137-б.
3. Журнал Эл аралык инвестиция ( International Invesment) №2, 05. 02. 2018-ж., 58-б.
4. Толонов Э.Н. Регионалдык туризм бизнесинин учурдагы өнүгүү абалы. / Республикалык илимий-теориялык журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №6. - Бишкек, 2015.-76-б.
5. Туриндустрия Китая (Электрондук ресурс: http://www.chinatourism.ru) 11.04.2010-ж.
6. Энциклопедия стран мира: справоч. пособие. - М.: Экономика, 2004-ж. - 1319-б.
7. Энциклопедия “Кругосвет”: Белгия [Электронный ресурс]. - 2005-ж.
8. Энциклопедия Китая (Эл. ресурс: http://www.abirus.ru) 20.05.2010-ж.


**Рецензент: д.э.н., профессор Эргешбаев У.Ж.**